УДК: 82(07)

Шамырканова Н.Б.
*И.Арабаев ат. КМУнун аспиранты*

# ОКУРМАНДЫК КОМПЕТТЕНТТҮҮЛҮК БАШТАПКЫ АДАБИЙ БИЛИМДИН МАКСАТЫ КАТАРЫ

*Макалада башталгыч адабий билим берүүнүн түпкү максаты катары окуучунун окурмандык өз алдынчалуулукка ээ болуусу, балдардын китептин үстүндө ойлонуусу, кайсы гана китептен болбосун аңгемелешүүчүнү көрө билүүсү, өз алдынча окуу үчүн китепти тандоо жөндөмү эсептелери баяндалат.*

***Негизги сөздөр:*** *адабий окуу, окурмандык компетенттүүлүк, адабий өнүгүү, өз алдынча окуу, максат, көркөм чыгарма.*

*Автор считает конечной целью начального литературного образования - овладение читателя самостоятельностью, размышление над прочитанным, умение видеть собеседника в любой книге, умение выбирать книгу длясамостоятельного прочтения.*

***Ключевые слова:*** *литературное чтение, читательская компетентность, литературное развитие, самостоятельное чтение, цель, художественное произведение.*

*In this article as the main goal of the initial of literary education is considered the development of students individual reading, reflecting on books, the capacity to choose a book for individual reading.*

***Key words:*** *literary reading, reading competence, literary development, individual reading goal.*

Адабий билим берүүнүн максаты классикалык методикада көбүнчө «адабий өнүгүш» түшүнүгү аркылуу аныкталат. Анын көрсөткүчтөрү болуп көркөм чыгарманы окуучунун толук кабылдоосу, окуунун чөйрөсүнө ориентир жасоо жөндөмү, өзүн сөздө көрсөтө билүүсү саналат. Изилдөөчүлөрдүн айрымдары мотивациялык (окуунун мотивациясы), жалпы маданияттык (окуу маданияттын дүйнөсүн ачуунун каражаты катары) кошумча көрсөткүчтөрдү бөлүп көрсөтүшөт.

«Окурмандык компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн мазмунун баштапкы адабий билим берүүнүн максаттарын аныктоодогу классикалык да, азыркы да мамилелер менен байланыштырсак болот.

XX кылымдын 70-жылдарында Н.Д.Молдавская адабий өнүгүүнү өздүк адабий чыгармачылыктагы, окурмандык кабылдоодо пайда болуучу сөздүк-көркөм образдар менен ой жүгүртө билүү жөндөмдүүлүгүнүн сапаттуу өзгөрүү процесси катары аныктаган. Окумуштуу адабий өнүгүүнүн критерийлерин бөлүп көрсөткөн. Бул жалпылоонун жана деталдарды көрүү жөндөмүнүн тереңдиги жана ал аркылуу бүтүндөй образды түзүү болуп эсептелген. 60-80-жылдардын методикасында бул критерийлер универсалдуу деп саналган.

О.И.Никифорова ар кыл курактагы адамдардын, анын ичинде башталгыч класстын окуучуларынын көркөм чыгарманы кабылдоосун изилдөө менен, толук кабылдоонун төмөндөгү критерийлерин алып чыккан: биринчиден, көркөм текстти жөнөкөй тексттен ишенимдүү айырмалай алуусу; экинчиден, чыгарманын формасын майда-чүйдөсүнө чейин баалоо жөндөмү; үчүнчүдөн, көркөм чыгарманы түздөн-түз кабылдоонун жана идеясын түшүнүүнүн көркөм чыгарманын бардык өзгөчөлүктөрү менен дал келүүсү.

90-жылдарда көптөгөн автордук программалар пайда болду, алар адабий өнүгүүнүн максаттарын ар кандай аныкташты. Бул программалардын бардыгы мамлекеттик үч системанын бирөөсүнө кирет. Эгер ар бирин карап чыксак: эки өнүктүрүүчү (Л.В.Занковдун системасы менен Д.Б.Эльконин-В.В.Давыдовдун системасы) жана салттуу система. Мындан сырткары, айрым автордук программаларда адабий билим берүүнүн максаттары кандай аныкталгандыгын анализдейбиз.

З.И.Романовская баштапкы адабий билим берүүнүн максаттарын системанын максаттарын ар бир баланы оптималдуу жалпы өнүктүрүү, б.а., акылын, эркин, сезимин

өнүктүрүү менен ылайыктап трактовкалайт. Автор балдардын эрктик, эмоционалдык жана интеллектуалдык чөйрөсүн жалпы өнүктүрүүнүн негизинде сөз искусствосу катары адабиятка болгон мамилени окуучуларда калыптандырууга, көркөм чыгарманы кабылдоону алдыга жылдырууга чакырат. З.И.Романовская көркөм чыгарманы кабылдоону алдыга жылдыруу, кептик өнүктүрүү адабий өнүктүрүүнүн башкы критерийи деп эсептеген.

В.Ю.Свиридова адабий окуу курсунун максатын дүйнөнү жана өзүн, чыгармачылык ишкердүүлүккө жөндөмдүү окурманды таанып-билүү үчүн, китептеги жан дүйнөлүк керектөөгө ээ компетенттүү окурманды тарбиялоо катары аныктайт.

Г.Н.Кудина, З.Н.Новолевская адабий окуу курсунун максатын эстетикалык өнүккөн окурманды тарбиялоо деп эсептейт, анткени автордук көрүүдө курчап турган чөйрөнү түшүнүүгө жана көркөм чыгарма тууралуу өздүк пикирин түзүүгө жөндөмдүү окуучуну тарбиялоо – кенже мектептин негизги милдети. Изилдөөчүлөр адабий өнүгүштүн негизги критерийлери деп окурмандык кабылдоону, адабият таануучулук билимдердин көлөмүн, чыгарманы анализдей билүүсүн, балдардын адабий чыгармачылыгы менен байланыштуу жөндөмдү, көп окугандыкты, окуунун мотивдерин аташат.

«Классикалык башталгыч мектеп» салттуу системасындагы «Адабий окуу» программасынын автору О.В.Джежелей адабий билим берүүнүн жыйынтыгы тууралуу айтуу менен, “квалификацияланган окурман” түшүнүгүн киргизет. Бул - билимдердин, жөндөмдөрдүн, көндүмдөрдүн бардык топтомуна ээ окуучу, анткени китепти өз алдынча тандоого, аларды окууга, коммуникацияга жана чыгармачылык ишкердүүлүккө чыгууга мүмкүндүк берет.

«Мектеп-2010» окутуунун салттуу системасындагы «Окуу жана башталгыч адабий билим берүү» программасынын авторлору Р.Н.Бунеев, Е.В.Бунеева адабий билим берүүнүн максаты деп окууга туруктуу адаты бар, дүйнөнү таанып-билүүнүн жана өзүн-өзү таанып-билүүнүн каражаты катары ага жан дүйнөлүк керектөөчүлүгү калыптанган сабаттуу окурманды, окуунун техникасына, окулгандарды түшүнүүнүн ыкмаларына, китептер дүйнөсүнө ориентир жасоо жөндөмүнө ээ окурманды калыптандыруу деп эсептешет.

М.П.Воюшина (автордук программа) көркөм чыгарманы толук кабылдаган окурманды калыптандырууга багытталган адабий өнүгүү жөнүндө, эки жактуу процесс, бир жагынан, адабий чыгармачылыкты өнүктүрүүгө багытталган, экинчи жагынан сөздө өзүн адекваттуу билдирген жөндөмдүүлүк деп жазат. Изилдөөчү адабий өнүгүүнүн деңгээлин аныктоо үчүн төмөндөгү критерийлерди пайдаланат: көркөм чыгармаларды (прозалык жана поэтикалык) кабылдоо деңгээли, кептик өнүгүүнүн деңгээли, окурмандык жана адабий-чыгармачылык ишкердүүлүктүн мотивациялоонун мүнөзү [1, 25].

«Искусствого тартуу» башталгыч адабий билим берүү концепциясынын түзүүчүсү В.А.Левин стратегиялык максат деп искусствого коммуникативдик мамилени жана көркөм чыгармаларды балдардын түздөн-түз эмоционалдык кабылдоосун сактоодогу көркөм табиттин негиздерин калыптандырууну эсептейт. Окуучунун көркөм өнүгүшүн камсыздоо ‒демек, көркөм кабылдоодогу жана чыгармачылыктагы өсүштү камсыздоо.

Н.Н. Светловская «туура окурмандык ишкердүүлүккө» тарбиялоонун бирдиктүү теориясын түзгөн. Окумуштуу башталгыч адабий билим берүүнүн түпкү натыйжасын – окурмандык өз алдынчалуулукка ээ болууну ‒ аныктайт, балдардын китептин үстүндө ойлонуусун, кайсы гана китептен болбосун аңемелешүүчүнү көрүүсүн, өз алдынча окуу үчүн китепти тандоо жөндөмүн болжолдойт. Мында окуучу окуунун техникасына гана ээ болбостон, айтылгандарды түшүнүүгө, кайра жаратууга, аны жаңы окурмандын ролунда өзүн баалоого жетишиш керек.

Т.В.Рыжкова адабий окууну биринчиден, көркөм чыгарманы кабылдоону, түшүнүүнү, интерпретациялоону калыптандыруу менен, экинчиден, адабий чыгармачылыкты өнүктүрүү менен, үчүнчүдөн, баланын маданий айдыңын кеңейтүү менен

байланыштуу үч тараптуу процесс катары трактовкалайт. Изилдөөчү адабий өнүгүүнүн төмөндөгү критерийлерин көтөрүп чыгат: адабий-теориялык билимдердин көлөмүн жана аларды практикада колдоно билүү жөндөмүн, адабий чыгармачылык жөндөмүн, көп окугандыкты, окуунун сапатын [4].

Ошентип, окумуштуулар башталгыч адабий билим берүүнүн максаттарын аныктоодо төмөндөгү компоненттерди өнүгүүнүн бөлүгү катары карашкан:

- көркөм текстти кабылдоонун өнүгүшү;
- окуунун чөйрөсүнө ориентир жасоо жөндөмү;
- кепти өнүктүрүү.

Окумуштуулар саналган компоненттер менен чектелбестен, окуудагы жан дүйнөнүн керектөөсүн жана эркти өнүктүрүүгө (З.И.Романовская, В.Ю.Свиридова), окуу аркылуу өзүн өзү таанууну өнүктүрүүгө (Р.Н.Бунеев, Е.В.Бунеева), окуучунун маданий айдыңын кеңейтүүгө (Т.В.Рыжкова), окуунун мотивациясына (Т.В.Рыжкова, М.П.Воюшина) басым жасашат.

Демек, ар башка окумуштуулардын ар кыл трактовкасындагы «адабий өнүгүү» түшүнүгүндө буларды бөлүп көрсөтөбүз. Биринчиден, көркөм текстти кабылдоонун өнүгүшүн, окуунун чөйрөсүнө ориентирленген жөндөмдү, кепти өнүктүрүүнү. Экинчиден, мотивациялыкты, үчүнчүдөн, айрым гана изилдөөчүлөр басым жасаган жалпы маданияттыкты.

Компетенттүүлүктүн өнүгүшүнүн түпкү натыйжасын диагноздоо (адабий өнүгүштүн дигноздоодон айырмаланып) билимди гана текшербестен, о.э. стандарттуу эмес кырдаалдарда аларга ээ болууну да текшерет. Компетенттүүлүк билим берүүнүн натыйжасы катары айрым спецификага ээ экендигин окумуштуулар белгилешет:

- бул интеграцияланган натыйжа;
- маселелерди, анын ичинде алгоритмделбегендерди да бүтүндөй класстын чечүүсүнө мүмкүндүк берет;
- көндүмдөн айырмаланат, анткени окуучу тарабынан качан көрсөтүлгөн кырдаалда окуучу тарабынан түшүнүлөт;
- жөндөмдөн айырмаланат, б.а., көндүмгө айландыруу жолу менен эмес, башка компетенттүүлүктөр менен интеграциялоонун линиясы боюнча калыптанат жана жакшыртылат, маалыматтык эмес, ишкердүүлүк формасында жашайт.

Жогоруда айтылгандар компетенттүүлүк, мотивациялык жана ишкердүүлүк компоненттерден турган көп аспектүү түшүнщк экендигин билдирет. Акыркысы маанилүү роль ойнойт, анткени компетенттүүлүк ишкердүүлүктө пайда болот жана калыптанат. Дал ушул ишкердүүлүк аспект адабий өнүгүштүн трактовкаларында ачылбайт.

Демек, окумуштуулар башталгыч класстын окуучуларынын адабий өнүгүшүнүн максаттарын аныктоо менен көркөм чыгарманы толук кабылдаган, окууну өз чөйрөсүндө аныктаган, сөздө өзүн көрсөтө билген окурманды тарбиялоонун зарылдыгы тууралуу айтышат. Эгер адабий билим берүүнүн максаты компетенттүүлүк ачкычта көрсөтүлсө, мотивациялыктан башкасы, маанилүү ишкердүүлүк компонентти камтыйт.

**Адабияттар:**

1. Воюшина М.П. Модернизация литературного образования и развитие младших школьников. Монография / М.П. Воюшина. – Санкт-Петербург: Сударыня, 2007. 25 с

2. Воюшина М.П. Вызовы времени и учебники нового поколения по литературному чтению /М.П.Воюшина //Вестник Герценовского университета, 2007.